# БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ ТОЛЕРАНТТУУЛУК МЕНЕН ТЫНЧТЫКТЫ КӨЗДӨГӨН ТРАНСЧЕКАРАЛЫК КӨП ТАРАПТУУ ДИАЛОГ



Проект финансируется Европейским Союзом

KONRAD ADENAUER STIFTUNG

БИОМ ЭКОЛОГИЧЕСКОЕ ДВИЖЕНИЕ

YUKSALISH ОБЩЕНАЦИОНАЛЬНОЕ ДВИЖЕНИЕ

# ДОЛБООР ЖӨНҮНДӨ

Европа Биримдиги каржылаган ***«Борбордук Азиядагы толеранттуулук менен тынчтыкты көздөгөн трансчекаралык көп тараптуу диалог»*** долбоору сабырдуулук менен бири-бирин түшүнүүнү колдоо жана радикалдашууну болтурбоо, зомбулуктуу экстремизмдин түпкү маңызы жөнүндө жана бири-бирин түшүнүүнүн маанилүү экендиги тууралуу маалымдуулукту жогорулатуу, ошондой эле үч өлкөнүн чектеш райондорундагы жергиликтүү жарандык коомдун дараметин өстүрүү максатында Кыргызстан, Өзбекстан жана Тажикстандын ортосундагы көп тараптуу трансчекаралык диалогго жана кызматташтыкка көмөктөшүүгө багытталган.

Долбоор Конрад Аденауэр атындагы фонддун жетекчилиги алдындагы консорциум тарабынан үч улуттук өнөктөш: “БИОМ” экологиялык кыймылы (Кыргызстан), “Юксалиш” жалпы улуттук кыймылы (Өзбекстан) жана “Гендер жана Өнүгүү” коомдук уюму (Тажикстан) менен биргеликте 2020-2023-жылдары 36 ай аралыгында жүзөгө ашырылууда.


# ДОЛБООРДУН МИССИЯСЫ, МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**Долбоордун негизги миссиясы** – *толеранттуулукту, бири-бирин түшүнүүнү жана радикалдашууну болтурбоону колдоо максатында Кыргызстан, Өзбекстан жана Тажикстандын ортосундагы көп тараптуу жана транс-чекаралык диалог менен кызматташтыкка көмөктөшүү.*

**Долбоордун максаты** *зомбулуктуу экстремизмдин түпкү маңызы жөнүндө жана өз ара түшүнүүнүн маанилүү экендиги тууралуу маалымдуулукту жогорулатууга, Кыргызстандын, Өзбекстандын жана Тажикстандын чектеш райондорундагы жаштар менен жергиликтүү жарандык коомдун дараметин арттырууга, ошондой эле сабырдуулукту, зомбулуктуу экстремизмди болтурбоону колдоо, чектеш аймактардагы жамааттардын, жарандык коомдун жана жергиликтүү* бийликтин ортосундагы кызматташтыкты жакшыртуу үчүн трансчектик жана секторлор аралык диалогдун ар кандай форматтарын демилгелөөгө жана институционалдаштырууга багытталган.

Белгиленген милдеттерди натыйжалуу чечүү үчүн 3 негизги компоненттен турган жана төмөнкү милдеттерди камтыган комплекстүү ыкманы колдонуу сунушталат:

## 1-КОМПОНЕНТ



**Аналитикалык изилдөө жана медиа-стратегия.** Радикалдашуунун себептерин, ыктымалдуу коркунучтарын талдоо, жаштардын, анын ичинде кыздардын, көбүрөөк аялуу болгон топторун аныктоо, ошондой эле радикалдашуу жана зомбулуктуу экстремизм чакырыктарына коомдун туруктуулугун жогорулатуунун натыйжалуу моделдерин издөө. Жалпыга маалымдоо каражаттары жана жаштар менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, ошондой эле жергиликтүү жамааттардын тынчтыкта жанаша жашоонун баалуулуктары менен практикалары жөнүндө маалымдуулугун жогорулатуу.

- Кыргызстан, Өзбекстан жана Тажикстандын жаштарынын радикалдашуу жана зомбулуктуу экстремизм тобокелдиктерине аялуу жана туруктуу болуу факторлоруна жагдайлык талдоо менен баалоону камтыган түптүү изилдөөнү жүргүзүү;
- Изилдөөнүн жыйынтыктарын жалпыга маалымдоо каражаттары менен жаштар үчүн ылайыктап көрсөтүп берүү жана карталоо;
- Региондо жакшы кошуналык мамилени, толеранттуулукту, тынчтык курууну калыптандыруу жана зомбулуктуу экстремизм менен чек ара көйгөйлөрүн болтурбоо маселелери боюнча улуттук жана регионалдык медиастратегияларды иштеп чыгуу;
- Журналисттердин окуяларды зомбулуксуз чагылдыруу жана жаңжалдарды болтурбоо маселелериндеги дараметин күчөтүү.

## 2-КОМПОНЕНТ

**Дараметти чыңдоо.** Үч өлкөнүн чектеш аймактарында бири-бирин түшүнүүгө жана зомбулуктуу экстремизмди болтурбоого көмөктөшүү максатында жарандык коомдун субъектилеринин, билим берүү жаатындагы жаштар демилгелеринин жана жергиликтүү бийлик органдарынын дараметин жогорулатуу.



- ***“Толеранттуулук боюнча класстык сааттар”*** окуу модулдарын иштеп чыгуу жана мугалимдер үчүн тынчтык куруу, жакшы кошуналык мамиле жана толеранттуулук маселелери боюнча тренингдерди өткөрүү;

- Чектеш аймактардын мектептериндеги бейформал кошумча билим берүү тутумуна тынчтык куруу жана жакшы кошуналык мамилелер программаларын киргизүү;
- Мугалимдерди кошумча окутууга колдоо көрсөтүү үчүн онлайн-курс иштеп чыгуу;
- Билим берүү чөйрөсүнүн өкүлдөрү үчүн конференцияларды уюштуруу;
- Жаштар топтору менен жарандык коомдун уюмдарын чектеш аймактардагы диалогдо жигердүү ортомчу болууга шыктандыруу жана колдоо;
- Кыргызстандын, Өзбекстандын жана Тажикстандын Университеттеринде Достук, Улуттар аралык ынтымак жана Толеранттуулук Борборлорун ачуу.



## ДОСТУК, УЛУТТАР АРАЛЫК ЫНТЫМАК ЖАНА ТОЛЕРАНТТУУЛУК БОРБОРЛОРУ

Фергана өрөөнүндөгү университеттерге караштуу Борборлордун базасында кыздарга көбүрөөк көңүл буруу менен жаштардын дараметин арттырууну, аларды жигердүү социалдык ишмердикке тартууну, адамдардын ортосундагы социалдык позитивдүү байланыштардын тереңдешин, стереотиптерге каршы күрөштү, үч максаттуу өлкөнүн ортосундагы ишенимдин чыңдалышын жана толеранттуулуктун колдоого алынышын камсыздаган трансчекаралык жана тармактар аралык диалогдун ар кыл платформалары түзүлөт.

Борборлор ар кандай трансчекаралык демилгелер, жарандык коомдун уюмдары жана жаштар дискуссиялык платформалары үчүн дараметти арттыруу боюнча ишмердүүлүк, ошондой эле билим берүүчү жана маалыматтык материалдар үчүн “Хаб” катары иш алпарышат. Борборлордогу бардык иш-чаралар толеранттуулукту өнүктүрүүгө жана дүйнөлүк дискурска камтылып, туруктуу өнүгүүгө умтулган мультимаданияттуу, гендерге сезимтал жаштар коомун курууга көмөктөшмөкчү.

## 3-КОМПОНЕНТ

**Трансчекаралык диалог жана жергиликтүү жамааттар.** *Адамдардын өз ара байланышын тереңдетүү, стереотиптер менен күрөшүү, ишенимди чыңдоо жана толеранттуулукту колдоо үчүн трансчекаралык жана тармактар аралык диалогдун ар кыл платформаларын түзүү жана колдоого алуу.*

- Фергана өрөөнүнүн 6 пилоттук жамаатында ***“Толеранттуулуктун жергиликтүү күн тартибин”*** иштеп чыгуу;
- Өзбекстандын, Кыргызстандын жана Тажикстандын жергиликтүү бийлик органдары жана укук коргоо органдары үчүн тренингдерди өткөрүү.
- Жаштардын трансчекаралык иш-чараларын колдоо;
- Толеранттуулук маселелери боюнча Регионалдык жаштар форумун уюштуруу;
- Жаштар демилгелери фестивалын өткөрүү.



## ДОЛБООРДУН МАКСАТТУУ ТОПТОРУ

- Үч өлкөнүн жаштары;
- Жогорку окуу жайлары;
- Жарандык коом, журналисттер;
- Фергана өрөөнүнүн жергиликтүү бийлиги жана коомчулугу.




**www.peace4centralasia.org**

Кошумча маалымат алуу үчүн төмөнкү даректерге кайрылсаңыздар болот:


«БИОМ» ЭК
Кыргызстан, Бишкек ш., Чүй пр. 164а, ком. 408/1
E-mail: biomkg@gmail.com, тел.: (+996) 312 311 671
www.biom.kg, www.safe.edu.kg

«Юксалиш» ЖУК
Өзбекстан, Ташкент ш., Ш. Рашидов көч., 16-үй,
E-mail: info@yumh.uz, тел.: (+998) 712 393 323
www.yumh.uz

«Гендер жана Өнүгүү» КУ
Тажикстан, Душанбе ш., Бухоро көч., 50-үй, 21-кв.,
E-mail: info@gender.tj, тел.: (+992) 372 215 651
www.gender.tj